# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 26
## *«Пенсиялык программалар боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук»*

## Колдонуу чөйрөсү

1 **Ушул стандарт мындай түрдөгү финансылык отчеттуулук түзүлгөндө, пенсиялык программалардын финансылык отчеттуулугу үчүн колдонулат.**

2 Пенсиялык программалар кээде, мисалы, «пенсиялык схемалар», «иштеген жылдар үчүн сыйакылардын программасы» же «пенсиялык камсыздоо программасы» деп башкача да аталышат. Ушул стандарт пенсиялык программаны иш берүүчүлөрдөн – программанын катышуучуларынан бөлүнгөн отчет берүүчү ишкана катарында карайт. Бардык калган стандарттар пенсиялык программалардын финансылык отчеттуулугуна алар ушул стандарттын жоболору менен алмашылбаган даражада колдонулат.

3 Ушул стандарт жалпысынан бардык катышуучулар үчүн бир топтуку катарында программа боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук үчүн колдонулат. Ал программанын айрым катышуучулары үчүн алардын пенсиялык укуктарына карата отчеттуулукту түзүү үчүн колдонулбайт.

4 *«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19 пенсиялык программалары бар иш берүүчүлөрдүн финансылык отчеттуулугунда пенсиялык камсыздоо боюнча чыгымдарды аныктоону карайт. Мына ошондуктан ушул стандарт ФОЭС (IAS) 19ду толуктайт.

5 Пенсиялык программалар белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программаларга жана белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программаларга бөлүнүшөт. Көп программалар өзүнчө фонддорду түзүүнү талап кылат, алар өзүнчө юридикалык жакты түзүү менен да, аларсыз да уюштурула алат жана алар тараптан төгүмдөр которулган жана пенсиялар төлөнүп берилген ишенимдүү башкаруучуларга ээ болушу да, ээ болбошу да мүмкүн. Ушул стандарт мындай фонд түзүлгөн/түзүлбөгөнүнө, ошондой эле ишенимдүү башкаруучулар бар/жоктугуна көз карандысыз колдонулат.

6 Алардын активдери камсыздандыруу компаниялары аркылуу инвестицияланган пенсиялык программалар эсепке алууга жана каржылоого карата жеке инвестициялык макулдашуулар менен ошол эле талаптарга жооп берүүгө тийиш. Демек, алар, эгерде камсыздандыруу компаниясы менен келишим пенсиялык программанын конкреттүү катышуучусунун же катышуулар тобунун атынан түзүлбөсө, а пенсиялык программалар боюнча милдеттенмелер камсыздандыруу компаниясынын гана милдеттенмелери болбосо, алар ушул стандарттын колдонулуу чөйрөсүнө киришет.

7 Ушул стандарт иштен бошотулган учурда бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулу, кийинкиге калтырылган сыйакы жөнүндө макулдашуу, иштеген жылдар үчүн сыйакылар, пенсияга мөөнөтүнөн мурда чыгуу же штаттын кыскартылышы боюнча атайын программалар, оорулардан жана капилет кырсыктардан камсыздандыруу программалары же премия берүү программалары сыяктуу кызматкерлерге сыйакылардын башка формалары үчүн колдонулбайт. Социалдык камсыздоонун мамлекеттик системасынын алкагындагы макулдашуулар да ушул стандарттын колдонулуу чөйрөсүнөн чыгарылып салынат.

## Аныктамалар

**8 Ушул стандартта төмөнкү терминдер төмөндө көрсөтүлгөн маанилерде колдонулат:**

***Пенсиялык программалар* – аларга ылайык, ишкана кызматкерлерине эмгек ишмердүүлүгү убагында же аяктагандан кийин сыйакыларды берүүчү (жылдык киреше же бир жолку төлөм түрүндө) макулдашуулар. Мында мындай төлөмдөр же аларды камсыздоо үчүн төгүмдөр документтерге же ишканада кабыл алынган**

© ФОЭС Фонду

**практикага ылайык, пенсияга чыкканга чейин күн мурунтан аныктала же эсептеле алат.**

***Белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программалар*** **– аларга ылайык, төлөп берүүгө жаткан пенсиялардын өлчөмдөрү пенсиялык фондго төгүмдөрдүн жана андан кийинки инвестициялык кирешелердин негизинде аныкталуучу пенсиялык программалар.**

***Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар*** **– аларга ылайык, төлөп берүүгө жаткан пенсиялардын өлчөмдөрү негизинде адатта кызматкер тарабынан алынуучу сыйакынын өлчөмү, жана/же иштеген жылдар жаткан формула боюнча аныкталуучу пенсиялык программалар.**

***Каржылоо*** **– иш берүүчү ишканадан көз карандысыз башка ишканага (фондго) пенсияларды төлөп берүү боюнча келечектеги милдеттенмелерди жабуу үчүн активдерди которуу.**

**Ушул стандартта төмөнкү терминдер да пайдаланылат:**

***Катышуучулар*** **– пенсиялык программанын мүчөлөрү, ошондой эле ушул программа боюнча төлөмдөрдү алууга укуктуу башка адамдар.**

***Төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдер*** **–тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркынан айырмалануучу милдеттенмелери алып салынган пландын активдери.**

***Тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы*** **– пенсияга чыккандарга жана иштеп жаткан кызматкерлерге алар көрсөткөн кызматтарга тийиштүү кылынуучу пенсиялык программа боюнча күтүлүүчү төлөмдөрдүн келтирилген наркы.**

***Сыйакы алууга күчүнө кирген укук*** **– кызматкердин сыйакылары жана аларды алуу укуктары пенсиялык пландын шарты боюнча кызматкердин мындан ары ишин улантуусунан көз каранды эмес.**

9 Айрым пенсиялык программалар иш берүүчү болуп саналышпаган демөөрчүлөргө ээ. Ушул стандарт мындай программалардын финансылык отчетторуна да колдонулат.

10 Пенсиялык программалардын көпчүлүгү формалдаштырылган макулдашууларга негизделет. Айрым программалар формалдаштырылбаган, бирок, иш берүүчүлөрдүн түзүлгөн практикасынын натыйжасында милдеттүүлүктүн айрым бир даражасын алышат. Айрым программалар иш берүүчүлөргө ушул программалар боюнча өз милдеттенмелерин чектөөгө мүмкүндүк берсе да, пенсиялык программаны жокко чыгаруу, адатта, кыйындатылган, себеби иш берүүчүлөр кызматкерлерин сактап калууну каалашат. Формалдаштырылбаган программаларга эсепке алуунун жана отчеттуулукту түзүүнүн формалдаштырылган программаларга сыяктуу эле методдору колдонулат.

11 Көп пенсиялык программалар өзүнчө фонддорду уюштурууну карайт, аларга төгүмдөр жүргүзүлөт жана алардан төлөмдөр ишке ашырылат. Мындай фонддор алардын активдерин көз карандысыз башкарууну ишке ашырышкан адамдардын башкаруусу астында боло алат. Айрым өлкөлөрдө бул адамдар ишенимдүү башкаруучу аталышат. «Ишенимдүү башкаруучу» термини ушул стандартта ишенимдүү башкарууну формалдуу уюштуруу орун алган-албаганына карабастан мындай адамдарга пайдаланылат.

12 Пенсиялык программалар адатта белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программалар же белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар болуп саналышат, алардын ар бири өзүнүн айырмалоочу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Кээде эки программанын тең касиеттерине ээ программалар болушу мүмкүн. Ушул стандарттын алкагында мындай аралаш программалар белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар катарында каралат.

© ФОЭС Фонду

## Белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программалар

**13 Белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программанын финансылык отчеттуулугу төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдер жөнүндө отчетту, жана программаны каржылоо саясатынын сыпаттамасын камтыйт.**

14 Белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программада катышуучуларга келечектеги төлөмдөрдүн өлчөмү иш берүүчүнүн, катышуучунун өзүнүн же эки тараптын төгүмдөрү, ошондой эле фонддун операциялык ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу жана инвестициялык кирешелер менен аныкталат. Иш берүүчүнүн милдеттенмесин аткаруу адатта фондго төгүмдөр менен чектелет. Актуарийдин консультациясы, кээде алар учурдагы төгүмдөрдөн жана келечектеги төгүмдөрдүн жана инвестициялык кирешелердин ар кандай деңгээлдеринен улам камсыздалышы мүмкүн болгон келечектеги төлөмдөрдүн өлчөмдөрүн баалоо үчүн пайдаланылса да, адатта, талап кылынбайт.

15 Катышуучулар программанын ишмердүүлүгүнө кызыкдар, себеби, ал алардын келечектеги төлөмдөрүнүн деңгээлине түздөн-түз таасир этет. Катышуучуларды төгүмдөрү түшкөнү жана пайда алуучулардын укуктарын коргоо үчүн талаптагыдай контроль ишке ашырылганы/ ашырылбаганы жөнүндө маалымат да кызыктырат.

16 Белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программанын отчеттуулугунун максаты мезгил-мезгили менен программа жана анын инвестициялык натыйжалуулугу жөнүндө маалыматты берүүдө турат. Адатта бул максат финансылык отчеттуулукту берүү жолу менен жетишилет, ал төмөнкү маалыматты камтыйт:

(a) мезгил ичиндеги олуттуу ишмердүүлүктүн жана программага, андагы мүчөлүккө, мөөнөттөргө жана шарттарга тиешелүү өзгөртүүлөрдүн таасиринин сыпаттамасын;

(b) мезгил ичиндеги операциялар жана инвестициялык натыйжалуулук, ошондой эле программанын мезгилдин аягына карата финансылык абалы жөнүндө отчетторду; жана

(c) инвестициялык саясаттын сыпаттамасын.

## Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар

**17 Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын финансылык отчеттуулугу төмөндө көрсөтүлгөн отчеттордун бирин камтыйт:**

**(a) төмөнкүнү көрсөткөн отчетту:**

**(i) төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдерди;**

**(ii) сыйакы алууга күчүнө кирген укукка жана сыйакы алууга күчүнө кирбеген укукка бөлүү менен тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркын; жана**

**(iii) жыйынтыктоочу профицитти же дефицитти; же**

**(b) төмөнкү экөөнүн бирин камтыган төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдер жөнүндө отчетту:**

**(i) сыйакы алууга күчүнө кирген укукка жана сыйакы алууга күчүнө кирбеген укукка бөлүү менен тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркын ачып көрсөтүүчү эскертүү; же**

**(ii) актуарийдин тиркелген отчетунда бул маалыматка шилтемени.**

**Эгерде актуардык баалоо финансылык отчеттуулукту түзүү күнүнө карата даярдалбаса, негиз катарында болгон баалоолордун эң акыркысы анын аткарылуу күнү көрсөтүлүү менен пайдаланылат.**

18 **17-пункттун контекстинде тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы эсептөөлөрдө эмгек акынын же утурумдук, же болжолдонгон деңгээлдерин пайдалануу жана пайдаланылган методду ачып көрсөтүү менен, ошол учурга карата көрсөтүлгөн кызмат үчүн программанын шарттарына ылайык кызматкерлерге тийиштүү болгон төлөмдөргө негизделет. Ошондой эле тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркына олуттуу таасир көрсөткөн актуардык божомолдордогу өзгөртүүлөрдүн таасири да ачып көрсөтүлөт.**

19 **Финансылык отчеттуулук тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы менен төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдердин ортосундагы өз ара байланышты, ошондой эле тийиштүү төлөмдөрдү каржылоо саясатын түшүндүрөт.**

20 Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программада тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн көлөмү программанын финансылык абалынан жана катышуучулардын келечектеги ага төгүмдөрдү жүргүзүү жөндөмүнөн, ошондой эле инвестициялык натыйжалуулуктан жана программанын операциялык натыйжалуулугунан көз каранды.

21 Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа анын финансылык абалын баалоо, божомолдорду текшерүү жана келечектеги төгүмдөрдүн деңгээлине карата сунуштамаларды алуу үчүн мезгил-мезгили менен актуарийдин консультациясына муктаж.

22 Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын отчеттуулугунун максаты финансы ресурстары жана программанын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматты мезгил-мезгили менен берүүдө турат, ал ресурстардын топтолушунун жана убакыттын өтүшү менен программа боюнча төлөмдөрдүн ортосундагы өз ара байланышты баалоодо пайдалуу боло алат. Адатта бул максат финансылык отчеттуулукту берүү жолу менен жетишилет, ал төмөнкү маалыматты камтыйт:

(a) мезгил ичиндеги олуттуу ишмердүүлүктүн жана программага, ага мүчөлүккө, мөөнөттөргө жана шарттарга тиешелүү бардык өзгөртүүлөрдүн таасиринин сыпаттамасын;

(b) мезгил ичиндеги операциялар жана инвестициялык натыйжалуулук, ошондой эле мезгилдин аягына карата абалы боюнча программанын финансылык абалы жөнүндө отчетторду;

(c) же отчеттуулуктун бөлүгү, же өзүнчө отчет түрүндө берилген актуардык маалыматты; жана

(d) инвестициялык саясаттын сыпаттамасын.

## Тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы

23 Пенсиялык программа боюнча күтүлүүчү төлөмдөрдүн келтирилген наркы же эмгек акынын учурдагы деңгээлинин негизинде, же программанын катышуучулары пенсияга чыгуу учуруна чейинки эмгек акынын болжолдонуучу деңгээлинин негизинде эсептеле жана отчеттуулукта бериле алат.

24 Аларга ылайык, артыкчылык эмгек акынын учурдагы деңгээлинин негизиндеги методго берилишинин негиздери:

(a) тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы, азыркы учурда программанын ар бир катышуучусуна туура келген сумма болуп саналуу менен,

эмгек акынын болжолдонуучу деңгээлдери боюнча караганда көбүрөөк объективдүү эсептеле алат, себеби аз божомолдорду камтыйт:

(b) эмгек акынын көбөйтүлүшү менен байланышкан төлөмдөрдүн көбөйүшү программанын эмгек акыны көбөйтүү учурундагы милдеттенмеси болуп калат; жана

(c) эмгек акынын учурдагы деңгээлинин негизинде аныкталган тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркынын суммасы жалпысынан катышуучу программадан чыккан же программанын ишмердүүлүгү токтотулган учурда төлөп берүүгө жаткан сумма менен тыгыз байланышкан.

25 Аларга ылайык, эмгек акынын болжолдонуучу деңгээлинин негизиндеги методго артыкчылык берилген негиздер:

(a) финансылык маалымат зарыл божомолдорго жана эсептик баалоолорго карабастан ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү принцибинин негизинде даярдалууга тийиш;

(b) акыркы эмгек акы принцибин пайдаланган программалар үчүн төлөмдүн өлчөмү пенсияга чыгуу учуруна же пенсияга чыгууга чейин аз калган учурга карата эмгек акыдан улам аныкталат, ошондуктан эмгек акынын өлчөмдөрү, төгүмдөрдүн деңгээли жана кирешелүүлүктүн нормалары болжолдонууга тийиш; жана

(c) программаны каржылоонун чоң бөлүгү бул маанилерге таянганда, ошол эле убакта иш жүзүндө бул болбогондо, же, программа иш жүзүндө жетишсиз каржыланып, а отчеттуулук каржылоонун жетиштүү деңгээлин көрсөткөндө, эмгек акынын болжолдонгон өлчөмдөрүн камтуу жөндөмсүздүгү отчеттуулукта ашыкча каржылоону чагылдырууга алып келиши мүмкүн.

26 Эмгек акынын учурдагы деңгээлине негизделген тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы программанын финансылык отчеттуулугунда финансылык отчеттуулук түзүлгөн күнгө карата абал боюнча иштеп табылган төлөмдөр боюнча милдеттенмелерин чагылдыруу үчүн ачып көрсөтүлөт. Эмгек акынын болжолдонгон деңгээлине негизделген тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы анын негизинде, адатта, каржылоо жүргөн ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү принцибинен улам потенциалдык милдеттенменин көлөмүн чагылдыруу максатында ачып көрсөтүлөт. Тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркын ачып көрсөтүүдөн тышкары, анда бул актуардык келтирилген нарк кабыл алынууга тийиш болгон контекстти так көрсөтүү үчүн кеңири түшүндүрүү талап кылынышы мүмкүн. Мындай түшүндүрүү пенсиялык программанын пландалып жаткан келечектеги каржылоонун жеткиликтүүлүгү жөнүндө жана эмгек акынын болжолдонуп жаткан деңгээлдерине негизделген каржылоо саясаты жөнүндө маалымат формасына ээ болушу мүмкүн. Бул маалымат финансылык отчеттуулукка же актуарийдин отчетуна камтыла алат.

## Актуардык баалоолорду жүргүзүүнүн жыштыгы

27 Көп өлкөлөрдө актуардык баалоолор үч жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Эгерде актуардык баалоо финансылык отчеттуулукту түзүү күнүнө даярдалбаса, негиз катарында анын аткарылуу күнү көрсөтүлүү менен, болгон баалоолордун эң акыркысы пайдаланылат.

## Финансылык отчеттуулуктун мазмуну

28 Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар үчүн маалымат төмөнкү форматтардын биринде берилет, алар актуардык маалыматтарды ачып көрсөтүүнүн жана берүүнүн иш жүзүндө түзүлгөн ар кандай методдорун чагылдырат:

(a) финансылык отчеттуулукка төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдерди, тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркын жана

жыйынтыктоочу профицитти же дефицитти көрсөтүүчү отчет камтылат. Программанын финансылык отчеттуулугу төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдердеги өзгөртүүлөр, жана тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркынын өзгөртүүлөрү жөнүндө отчетторду да камтыйт. Финансылык отчеттуулукка тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркынын негиздемеси менен актуарийдин өзүнчө отчету тиркелиши мүмкүн;

(b) төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдер жөнүндө отчетту, жана төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдердеги өзгөртүүлөр жөнүндө отчетту камтыган финансылык отчеттуулук. Тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы отчетторго карата эскертүүлөрдө ачып көрсөтүлөт. Финансылык отчеттуулукка тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркынын негиздемеси менен актуарийдин отчету тиркелиши мүмкүн; жана

(c) төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдер жөнүндө отчетту, жана төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдердеги өзгөртүүлөр жөнүндө отчетту камтыган финансылык отчеттуулук, тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы актуарийдин өзүнчө отчетунда берилет.

Ар бир форматта финансылык отчеттуулук жетекчиликтин же директорлордун отчету жана инвестициялык отчет формасында ишенимдүү башкаруучулардын отчету менен да коштоло алат.

29 28(a) жана (b) пункттарында сыпатталган форматтарды колдонууну жактоочулар тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн сандык туюнтулушу жана мындай ыкмалардын негизинде берилүүчү башка маалымат пайдалануучуларга программанын учурдагы абалын жана ал боюнча милдеттенмелердин аткарылышынын ыктымалдуулугун баалоого жардам берет деп болжолдошот. Алар финансылык отчеттуулук өзү эле толук болууга жана тиркелген отчетторго таянбашы керек деп да эсептешет. Бирок, айрым адистер болжогондой, 28(a)-пунктунда сыпатталган формат милдеттенме бар дегендей таасирди түзө алат, ошол эле учурда, алардын пикири боюнча, тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы милдеттенмелердин бардык мүнөздөмөлөрүнө ээ эмес.

30 28(c)-пунктунда сыпатталган форматты колдонууну жактоочулар тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркы 28(a)-пунктта сыпатталган форматта каралгандай төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдер жөнүндө отчетко камтылбашы, же ал тургай 28(b)-пунктунда берилген форматка ылайык эскертүүдө жөн эле ачып көрсөтүлүшү керек эмес деп эсептешет, себеби ал түздөн-түз программанын активдери менен салыштырылмакчы, а мындай салыштыруу негизсиз болушу мүмкүн. Алар актуарийлерди дайыма эле тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркын инвестициялардын рыноктук наркы менен салыштырышпайт деп тастыкташат, анын ордуна алар инвестициялардан күтүлүп жаткан акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркын баалай алышат. Ошондуктан бул форматтын жактоочулары мындай салыштыруу программаны актуарий тарабынан жалпы баалоону чагылдырбайт жана ал туура эмес түшүнүлүшү мүмкүн деп эсептешет. Айрымдар ал сан менен туюнтулуп берилген-берилбегенине карабастан, талаптагыдай түшүндүрмөнү камтый алган өзүнчө актуардык отчетто гана камтылууга тийиш деп да эсептешет.

31 Ушул стандарт тийиштүү пенсиялык төлөмдөргө карата маалыматты актуарийдин өзүнчө отчетунда ачып көрсөтүүгө уруксат берүүчү көз карашты кабылдайт. Стандарт тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркынын сан менен туюнтулушуна каршы аргументтерди четке кагат. Демек, ушул стандарт эгерде финансылык отчеттуулук актуарийдин отчетуна шилтемени камтыса жана тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркын камтыган ушул отчет менен коштолсо, 28(c)-пунктунда сыпатталган формат сыяктуу эле жол берилүүчү катарында 28(a) жана (b) пункттарында сыпатталган форматтарды карайт.

© ФОЭС Фонду

## Бардык программалар

### Программанын активдерин баалоо

**32 Пенсиялык программанын инвестициялары адилет нарк боюнча эске алынат. Рыноктук баалуу кагаздардын адилет наркы болуп алардын рыноктук наркы саналат. Программанын алардын адилет наркын баалоо мүмкүн эмес инвестициялары болгондо, андан улам адилет нарк пайдаланылбаган себеп ачып көрсөтүлөт.**

33 Рыноктук баалуу кагаздардын адилет наркы катарында адатта алардын рыноктук наркын отчеттуулук түзүлгөн күнгө карата баалуу кагаздарды жана мезгил ичиндеги инвестициялык натыйжалуулугун баалоонун эң ылайыктуу чарасы катарында алардын рыноктук наркын кабыл алышат. Сатып алуунун бекитилген наркына ээ жана программанын милдеттенмелерине же милдеттенмелердин конкреттүү компоненттерине ылайыктуулукту камсыздоо үчүн сатып алынган баалуу кагаздар төлөө мөөнөтү келгенге чейинки кирешелүүлүк нормаларынан улам, алардын кайра сатып алуудагы акыркы наркына негизделген сумма боюнча эске алынат. Программанын инвестицияларынын ишканадагы жүз пайыз үлүшү сыяктуу адилет наркын баалоо мүмкүнчүлүгү жок учурларда, отчеттуулукта ал боюнча адилет нарк пайдаланылбаган себеп ачып көрсөтүлөт. Рыноктуктан же адилет нарктан айырмаланган сумма боюнча эске алынуучу инвестициялар үчүн да адилет нарк, адатта, ачып көрсөтүлбөйт. Фонддун операциялык ишмердүүлүгүндө пайдаланылуучу активдер тиешелүү стандарттарда баяндалган тартипте эске алынат.

### Маалыматты ачып көрсөтүү

**34 Белгиленген төлөмдөрү же белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программанын финансылык отчеттуулугу төмөнкү маалыматты да камтыйт:**

**(a) төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдердеги өзгөртүүлөр жөнүндө отчетту;**

**(b) эсеп саясатынын негизги принциптеринин кыскача баяндамасын; жана**

**(c) программанын сыпаттамасын жана программадагы мезгил аралыгындагы бардык өзгөртүүлөрдүн таасирин.**

35 Пенсиялык программалар тарабынан берилген финансылык отчеттуулук төмөнкү маалыматты камтыйт (эгерде колдонууга болсо):

(a) төмөнкү маалымат ачып көрсөтүлүү менен таза активдер жөнүндө отчетту:

(i) мезгилдин аягына карата абалы боюнча тиешелүү түрдө классификацияланган активдерди;

(ii) активдерди баалоо методун;

(iii) төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдердин 5%ынан ашкан, же бардык класстагы же типтеги баалуу кагаздардын жалпы наркынын 5%ынан ашкан ар бир өзүнчө инвестиция жөнүндө маалыматты;

(iv) иш берүүчүгө бардык инвестициялар жөнүндө маалыматты; жана

(v) тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркынан айырмаланган милдеттенмелерди;

(b) төмөнкү маалымат берилүү менен төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдердеги өзгөртүүлөр жөнүндө отчетту:

(i) иш берүүчүлөрдүн төгүмдөрүн;

(ii) кызматкерлердин төгүмдөрүн;

(iii) инвестициялык кирешени, мисалы, пайыздарды жана дивиденддерди;

(iv) башка кирешени;

(v) жүргүзүлгөн же төлөнүүгө жаткан төлөмдөрдү (категориялар боюнча берилген, мисалы: карылык боюнча пенсияларды, каза болгон, ишке жарамсыз болгон учурдагы төлөмдөрдү, ошондой эле бир жолку төлөмдөрдү);

(vi) административдик чыгымдарды;

(vii) башка чыгашаларды;

(viii) пайда салыктарын;

(ix) пайдалар менен инвестициялардын чыгып кетүүсүнөн зыяндарды жана инвестициялардын наркындагы өзгөртүүлөрдү; жана

(x) башка программалардан жана башка программаларга которууларды;

(c) фонддун каржылоо саясатынын сыпаттамасын;

(d) белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар үчүн – программанын шарттарына, азыркы учурга карата берилген наркына жана же эмгек акынын учурдагы деңгээлдерине, же болжолдонуучу деңгээлдерине ылайык тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркын (алар сыйакы алууга күчүнө кирген укукка жана сыйакы алууга күчүнө кирбеген укукка бөлүнүшү мүмкүн); бул маалымат тиешелүү финансылык отчеттуулук менен бирге окуу үчүн арналган актуарийдин тиркелген отчетуна кошула алат; жана

(e) белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар үчүн – жасалган олуттуу актуардык божомолдордун жана тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркын эсептөөнүн колдонулган методунун сыпаттамасын.

36 Пенсиялык программанын отчету программанын же финансылык отчеттуулуктун бөлүгү, же өзүнчө отчет катары сыпаттамасын камтыйт. Ал төмөнкү маалыматты камтышы мүмкүн:

(a) бул программа менен камтылган иш берүүчүлөрдүн аталыштарын жана кызматкерлердин топторун;

(b) төлөмдөрдү алышкан катышуучулардын санын жана тиешелүү түрдө классификацияланган башка катышуучулардын санын;

(c) программанын тибин – белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программаны же белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программаны;

(d) программанын катышуучулары төгүмдөрдү жасаганын көрсөтүүчү эскертүүнү;

(e) катышуучуларга тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн сыпаттамасын;

(f) катышуучунун программадан чыгуу шарттарынын сыпаттамасын; жана

(g) отчет менен камтылган мезгил аралыгындагы (a)дан (f)ке чейинки пунктчалар боюнча өзгөртүүлөрдү.

Аларда программанын сыпатталышы келтирилген, пайдалануучулар үчүн жеткиликтүү башка документтерге шилтемелер кадимки практика болуп саналат, мында отчеттуулукка кийинки өзгөртүүлөр жөнүндө гана маалымат камтылат.

## Күчүнө кирүү күнү

37 Ушул стандарт 1988-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган мезгилдерди камтуучу пенсиялык программалардын финансылык отчеттуулугуна карата колдонулууга тийиш.

© ФОЭС Фонду